**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**МАНАС**
**ШААРДЫК ДЕПУТАТТАР**
**КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**МАНАССКИЙ**
**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**
**ДЕПУТАТОВ**

**«28» -май 2026-жыл**

**X чакырылыш**
**кезектеги XXVI сессия**

**ТОКТОМ** **№3** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**Электр жабдууларды Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын балансына өткөрүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндөгү” мыйзамына ылайык, Манас шаарынын мэриясынын 2026-жылдын 21-апрелиндеги чыг.№01-19/2523 сандуу каты, Манас шаардык депутаттар кеңешинин курулуш, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жерди пайдалануу боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунда каралып, Манас шаардык депутаттар кеңешинин кезектеги XXVI сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Манас шаарынын Пушкин көчөсүнүн №150а дарегиндеги жер тилкени курула турган мектепти электр энергия менен камсыз кылуу максатында орнотулган сырткы электр жабдуулар тармактарын (КРУН) Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын балансына өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Электр жабдууларды Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын балансына мыйзам чегинде өткөрүп берүү жагы Манас шаарынын мэрине (А.Маткаликов) милдеттендирилсин.
3. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик реестрге киргизүүгө жиберүү жагы шаардык кеңештин жоoптуу катчысына (Г.Осмонова) милдеттендирилсин.
4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы курулуш, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жерди пайдалануу боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.
5. Ушул токтом Манас шаарынын www.manas-kenesh.gov.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Талант у.А.**